2.3. «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамына көрсөтүлүүчү талапкердин талапкерлиги алгач аны көрсөтүп жаткан мекеме-уюмдардын, жамааттардын өздүк жыйындарында, айылдык жыйындарда талкууланууга тийиш.

2.4. Сыйлоого сунуш кылынган талапкер тууралуу комиссияга төмөнкү документтер тапшырылууга тийиш:

**-талапкердин резюмеси;**
**-талапкердин өмүр баяны;**
**-жамааттык жыйындын талапкердин эмне үчүн көрсөтүлүп жаткандыгын аныктаган текст камтылган протоколу, сунуштары;**
**-талапкердин ишинин сапаты жана натыйжалуулугу жөнүндө маалыматтар, мамлекеттик жана өкмөттүк алган сыйлыктарынын көчүрмөлөрү;**
**-сунушталган адамдын 3х4 өлчөмүндөгү 2 даана түстүү сүрөтү;**
**-талапкердин эмгек китепчесинен көчүрмө;**
**-талапкердин паспортунан көчүрмө.**

Зарыл болгон шартта комиссия тарабынан башка документтер талап кылынышы мүмкүн.

2.5. Сыйлоо жана сыйлоодон баш тартуу жөнүндө комиссиянын чечимдери боюнча атуулдардын даттануулары жана арыздары каралбайт.

## 3. «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамын ыйгаруунун жана тапшыруунун тартиби

3.1. «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамы жылына бир ирет, айыл аймак боюнча ар бир айылдын 1ден адамга мамлекеттик деңгээлде өткөрүлүүчү 31-август Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнө карата салтанаттуу иш чарада тапшырылат.

3.2. Талапкерлерди тандоодо, келип түшкөн материалдарды калыс кароо үчүн комиссия өз ишине атайын адистерди кызматташууга тартышы мүмкүн.

3.3. «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамы төмөнкүдөй артыкчылыктагы инсандарга ыйгарылышы эске алынат:

- СССР учурундагы жана азыркы мезгилдеги сиңирген эмгеги үчүн орден, медалдар, Жогорку Кеңештин, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлангандар, баатырдык наамга ээ болгондор, көрүнүктүү илимий даражалуу окумуштуулар, эмгек сиңирген ишмерлер (бардык багыттар боюнча), СССРдин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутат болуп шайлангандар, облустук кеңешке депутат болгондор, облустук жетекчи кызматтарда, райондук мамлекеттик администрацияларда иштеп элге кызматы менен таанылгандар, өлкөнү коргоодо эрдик көрсөткөн согуштун ардагерлери, интернационалдык милдетти аткаруу менен улуттук намысыбызды бийик сактаган азаматтар, Кыргыз Республикасынын чегинде жашап-жашабагандыгына карабастан элибиздин социалдык-экономикалык өнүгүшүнө салым кошкон эмгеги менен белгилүү болгондор;
-көп жылдар бою саламаттык сактоодо, жаштарга тарбия, билим берүүдө мамлекеттик жана коомдук иштерде, айыл чарбасында үзгүлтүксүз салым кошуп, элдин оозуна алынып, кадыр-баркка ээ болгондор;
- эл чыгармачылыгына, адабиятка, маданиятка, искусствого, спортко жекече үлүшүн тынымсыз кошуп, тарбиялоо жаатындагы ишмердиги менен тасирлүү айырмаланган атуулдар;
-элибиздин социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнө, турмуш-тиричилик шарттарынын оңолушуна өзгөчө салымын кошкон адамдар, Кыргыз Республикасынын чет жерде жашаган жарандары, чет элдик жарандар;